## №16 К. Рахманов атындагы орто мектебиндеги жалпы ата-энелер чогулушунун башталгыч (1-4-кл) класстарынын жумасына ичилүүчү шашке тамагы боюнча чогулушунун

## Протоколу

22-сентябрь 2021-ж.г №10 Чарбак айылы

Жалпы ата-энелер катышты: 200

Ата-энелер комитетинин торагасы:

Чогулуш башчысы: М.Токтобаев

Катчы: Н. Кадырова

**Күн тартибиндеги маселелер:**

1. Башталгыч (1 -4-кл) класстарында ата-энелер тарабынан берилүүчү (150 сом) жуз элүү сомдук шашке тамагы боюнча.
2. Ата-энелер тарабынан шашке тамагынын жуз элүү сомдон чогултуп, окуучуларга туура тамак берүүсүн көзөмөлдөөгө мучө шайлоо.

**Мектеп директору М.Токтобаев:** Урматтуу жалпы ата-энелер жана мугалимдер жамааты, бугун жалпы ата-энелер чогулушунда башталгыч класстарында сиздер тараптан берилүүчү 150 сомдук шашке тамагынын берилиши боюнча чечип алсак. Бугунку чогулушта жогоруда айтылган маселелердин бири ушул. Азыр башталгыч класстарынын усулдук бирикме жетекчиси Д.Сармановага сөз берсем, балдарга берилүүчү шашке тамак боюнча маалымат берсе.

**Башталгыч класстардын усулдук бирикме жетекчиси Д.Сарманова:** Саламатсыздарбы урматтуу ата энелер, өзүңүздөргө маалым болгондой, жылда сиздер тарабынан жуз элүү сомго (150с) мамлекет тарабынан берилип жаткан ыссык тамакка кошумчалап, жумасына, күнүнө булочка, бир айда ысык шорпо, салат, алма берилип келген. Быйылкы окуу жылында да уланыш керек. Сиздер да ушул тамакка жардамчылап күнүнө жей турган булочкасына айына 2 жолу берилүүчү шорпонун этине жана салат, алма ж.б. жанагы 150 сомдун ичинде болуучу жогорудагы тамакка макулсуздарбы деп уруксат алып чогуу чечип алалы дегенбиз. Биз долбоор менен иштеп жүргөн адамдар менен сүйлөшүп, 150 сомду жоюп коёлу, мугалимдер үчүн чогултуп алуу оор экен, кошумча түйшүктү жаратат, анын үстүнө акча чогултууга мамлекет тарабынан карты чаралар көрүүсүнө каралган. Ошондуктан милдетин өзүнүздөр алып, башталгыч классында балдары окуткан ата-энелер милдетин алып, жардам бериниздер. Биз балдарыныздарга билим берели, ашыкча туйшук болуп акча чогултуу кыйын болуп жатат. Өз оюнуздарды айтып чечиниздер.

**Ата-энелер комитетинин төрайымы Э.Абданбаева:** Ата-энелер өз оюнарды айткыла, чындыгында өзүбүздүн балдарыбыздын ден соолугу үчүн болуп жатат.

**Мектеп директору М.Токтобаев:** Ата-энелер түйшүктөн качпай, сиздер тамакка берилүүчү 150 сомдук өзүңүздөр чогултуп бергениниздер жакшы. Өзүнүздөргө маалым болгондой мугалимдерге акча чогултууга тыюу салынып жатат. Өзүнүздөр чогултуп өзүнүздөр керек болсо ошол акчага меню тузуп кандай тамак бересиңер чечсенер болот.

**Окутуу тарбиялоо боюнча директордун орун басары Э.Такаев:** Ата- энелер тарабынан берилип жаткан шашке тамагын былтыркы окуу жылында жардамга муктаж

үй-бүлөөлөргө карап акчасы алынган эмес. Айына дароо эле бере бербейсиздер, айрым ата-энелердики алдын ала карыздап алынып келет. Өзүңүздөр эсептен көрүңүздөрчү 150 сомду 21 кунго бөлсөк 7 сомдон тийип калат, сиздер деле 7 сомго эч нерсе алып бере албайсыздар да. Ошон учун быйыл азык-тулук да кымбаттап кеткендиктен, жеткируу кыйын болуп жатат. 150 сомго кошолу десек сиздерге кыйын иштебегендер бар, бир уйдө үчтөн, төрттөн окуган балдар бар. Ошон учун 150 сомдон эле чогултуп, мамлекеттен берилуучу тамакка кошуп бергени жатабыз. Мисалы шорпонун этин ата-энелерден алып берсек, майын, пияз ж.б. азыктар мамлекеттен кошулат. Буга чейин шорпонун баарын 150 сомдун ичинен жеткирилип келген. Ата-энелер сиздерге класс жетекчилер чогултушканга жардам берип келишет, ар бир класста ата-энелер комитеттери бар. Алар менен чогуу иштейсиздер.

**Ф.Султанова :** Баарыбыз 150 сомдон макулбуз.

**Окуу завучу Э.Такаев:** Баардыгыныздар жоопкерчиликтен качпай милдетин алсаныздар болмок, баарынар макул болсоңор. Сиздер убагында берип турунуздар.

**Ата-энелер комитетинин төрайымы Т.Абданбаева :** Биз ата-энелер баарыбыз макулбуз? Убагында 150 сомдон чогултуп, ай сайын беребиз. Эч кандай каршылыгыбыз же дооматыбыз жок балдар бизге керек. Бул жерде отурган ата-энелер баардыгы макулдуктарын берип, колдошууда. Сиздерге да ыраазычылыкты айтам, жалпы ата-энелер тарабынан.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап №16 К.Рахманов атындагы орто мектебиндеги жалпы ата-энелер чогулушу**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Ата-энелер тарабына берилүүчү жүз элүү сомдук (150с) шашке тамагынын берилишине ата- энелер комитетинин төрайымы Т. Абданбаева жана жалпы ата-энелер жооп бере тургандыгын көзөмөлгө алуу жагы милдеттендирилсин.
2. Ата-энелер тарабынан берилип, чогулган акчага азык-тулук убагында, атайын талапка ылайык алып берүү жагы Жапаралиева Азизага милдеттендирилгендиги белгиленсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы мектептин окуу завучу: Э.Такаевге милдеттендирилсин.

Мектеп директору: М.Токтобаев

Катчы: Н.Кадырова